
Камчатка крайынын эмгек жана кадр потенциалын өнүктүрүү министрлиги

# Чөнтөк справочниг

## Камчатка крайына жумушка орношуу максатында келген чет өлкөлүк жарандар үчүн



### Пайдалуу маалыматтар

### Россияга сапар

### Россияда жумушка орношуу

### Россиядагы жашоо

(01.09.2020-жылдагы абал боюнча)

# Мазмуну

1. Россияга сапар
Россияга сапарга даярдануу ..................................... 3
Миграциялык картаны тариздөө ................................. 5
Миграциялык эсепке туруу (катталуу) ......................... 6
2. Россияда жумушка орношуу
Жумушка патент ....................................................... 8
Орус тилин, тарыхын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарынын негиздерин билүү боюнча тестирлөө .................................................... 10
Медициналык күбөлөндүрүү ....................................... 11
Жумушка орношуу ..................................................... 12
3. Россиядагы жашоо
Турак-жай издөө жана ижаралоо ................................. 14
Медициналык жардам ............................................... 15
4. Россиядагы жүрүм-турум маданияты ........................... 16
5. Пайдалуу ................................................................18

**Урматтуу окурман!**

Бул чөнтөк справочниги Сизге миграциялык мыйзамдардын негиздерин, Россияда жашоонун жана жумушка орношуунун эрежелерин жана өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө жардам берет.

Кеңештерге жана эскертүүлөргө көңүл буруңуз – алар Сизге көптөгөн тобокелчиликтердин жана мыйзам бузуулардын алдын алууга, өзүңүздүн милдеттериңизди билүүгө жана өз укуктарыңызды коргоого жардам берет.

**Ийгилик каалайбыз!**

## Россияга сапарга даярдануу

**Россияга сапарга мурунтан даярдануу керек.**
**Көйгөйлөрдүн алдын алуу үчүн төмөнкүлөрдү аткарууга кеңеш беребиз:**

**Россиянын мыйзамдарын үйрөнүңүз,** анткени чет өлкөлүк жумушчуларга талаптар өзгөрүп турушу мүмкүн. Россияга визасыз кирүү укугу бар КМШ өлкөлөрүнүн жарандары Россия Федерациясынын аймагында жумушка патент тариздебестен 90 күндөн ашык жүрө алышпайт.
Камчатка крайында миграция маселелери Россия ИИМинин Камчатка крайы боюнча башкармалыгынын Миграция маселелери боюнча башкармалыгынын кароосунда турат.

**Сизге Россияга кирүүгө тыюу салынбаганын текшериңиз:** Россия Федерациясында болуунун мыйзамдуу мөөнөтүн өткөрүп жиберген адамдарга өлкөдөн чыгарып жиберүүгө чейинки жоопкерчилик каралган.

**Кеңеш!**

Сизге кирүүгө тыюу салынганын Россия ИИМинин Миграция маселелери боюнча башкы башкармалыгынын расмий сайтынын сервисинен текшерүүгө болот - **сервис.гувм.мвд.рф**

**Орус тилин билүү.** Жумушка патент тариздөө учурунда орус тили, тарыхы жана Россия Федерациясынын мыйзамдарынын негиздери боюнча билимдерди милдеттүү тестирлөөдөн өтүүгө даяр болуңуз.

**Экзаменге өз мекениңизден да, Россиянын аймагынан да орус тили курстарынын жардамы менен даярданууга болот.**

**Камчатка крайында Сиз акысыз сабактарга катыша аласыз**
Мигранттарды коомдук ыңгайлаштыруу борборунда, дареги:
Петропавловск-Камчатский ш., Максутов көч., 42,
жазылуу үчүн чалыңыз, тел.: 8 (415-2) 42-62-85.

**Медициналык камсыздандыруу полисин тариздөө:**

Камчатка крайынын аймагында медициналык камсыздандыруу полисин каалаган камсыздандыруу уюмунан сатып алууга болот.

Россия Федерациясынын аймагында убактылуу жашоого уруксат бар болсо, медициналык камсыздандыруу акысыз тариздедет, убактылуу жашоого уруксат жок болсо, полис акы төлөнүүчү негизде тариздедет.

**Сизге жардам бере ала турган уюмдардын даректерин билиңиз:**

Көйгөйлүү кырдаалдарда же Сиздин укуктарыңызды бузууларга туш келген учурда Сиз бара жаткан региондо кимге кайрылууга болорун билүүңүз зарыл. Бул Россия Федерациясынын мамлекеттик органдары, Сиздин өлкөңүздүн бийлигинин Россиянын аймагындагы өкүлдөрү (мисалы, консулдук мекемелер же миграциялык кызматтардын өкүлдөрү), ошондой эле коомдук уюмдар болушу мүмкүн.

**Мындай уюмдардын айрымдарынын даректерин жана телефондорун “Пайдалуу маалыматтар” бөлүгүнөн таба аласыз.**

**Сизди Россияда турак жай берип, кабыл алуучу тарап ким боло турганын тактаңыз:**

Маанилүү!

РФга келген чет өлкөлүк жаран чек арадан өткөн күндөн баштап **7 жумуш күндүн ичинде** миграциялык эсепке (каттоого) турууга тийиш.

Кабыл алуучу тарапты эрте таап койгон жакшы.

Кеңеш!

**Бош жумуш орундары менен таанышып, ылайыктуу жумуш издеңиз:**

Сиз **«Общероссийская база вакансий «Работа в России»** (www.trudvsem.ru) Интернет-ресурсундагы расмий вакансиялар (бош жумуш орундары) менен таанышып, өзүңүздүн билим деңгээлиңизге, эмгек тажрыйбаңызга жана жөндөмүңүзгө ылайыктуу жумушту алдын-ала тандап коё аласыз.

Камчатка крайында ылайыктуу жумуш издөө үчүн Сиз крайдын борборунда жайгашкан **Мигранттарды коомдук ыңгайлаштыруу борборуна (Центр социальной адаптации мигрантов)** кайрыла аласыз (тел. **8(415-2)42-62-85).**

Жетиштүү өлчөмдөгү финансылык каражаттарды ала жүрүү. Ал каражат Сизге документтерди тариздөөгө, ижарага турак жай алууга, тамактанууга, жол киреге жана башка чыгымдарга зарыл болот.

# Россияга сапар

## Миграциялык картаны тариздөө

Миграциялык карта орус тилинде, мигранттын өзү тарабынан толтурулат, же аны чек ара көзөмөлүнүн кызматкери толтурат. Миграциялык картаны өтө этияттап, ката кетирбей жана оңдобой толтуруш керек.

**Маанилүү!** Россияга **кирүүнүн максатын** туура көрсөтүңүз, эгер кирүүңүздүн максаты жумушка орношуу болсо, анда миграциялык картада “жумуш” деген сөздүн алдын чийиңиз, болбосо жумушка орношо албай каласыз.

**Көңүл буруңуз!** **Миграциялык карта – маанилүү документ!** Аны Россияда жүргөн бардык мезгилде паспорт менен чогуу сактоо зарыл.

**Кеңеш!** Кирүү билети – Сиздин Россиянын аймагына киргениңизди тастыктаган жол кире билети. Өз билеттериңизди же отургузуу талондорун сактап коюу туура, анткени миграциялык картаңыз жоголуп кетсе, алар Сиздин Россиянын аймагына киргениңизди тастыктап бере алышат.

**Миграциялык картаны жоготуу:**




Эгер Сиз миграциялык картаңызды жоготсоңуз, анда тезинен **(3 жумуш күндүн ичинде)** Россия ИИМинин Камчатка крайы боюнча Миграция маселелери боюнча башкармалыгына паспортуңуз жана кирүү билетиңиз менен кайрылыңыз. Бул документтерди текшергенден кийин алар Сизге миграциялык картанын дубликатын акысыз берүүгө милдеттүү. **Жасалма миграциялык картаны көрсөтүү мыйзам тарабынан куугунтукталат.**

# Россияга сапар

## Миграциялык эсепке туруу

**Россияга келгенден кийин ар бир чет өлкөлүк жаран чек арадан өткөн күндөн баштап 7 жумуш күндүн ичинде өзү жашап жаткан жерге миграциялык эсепке турууга (катталууга) милдеттүү.**

Евразия экомикалык биримдигине (ЕАЭБ) кирген өлкөлөрдүн жарандары үчүн

– Армения, Беларусь, Казакстан жана Кыргызстан – 30 күн;

– Тажикстандын жарандары үчүн – 15 күн;

Миграциялык эсепке, эреже катары, Сизге турак жай берген кабыл алуучу тарап тургузат.

**Кабыл алуучу тарап**
(чет өлкөлүк жаранды өз дареги боюнча каттаткан адам же уюм)
**катары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:**

- сиз иштей турган региондо туруктуу катталган Россиянын жараны;
- россиядагы турак жайдын менчик ээси болгон чет өлкөлүк жаран;
- юридикалык тарап (иш берүүчү, мейманкана, коммерциялык эмес уюм ж.б.).

Катталууну Сиз жашап жана иштей турган региондо жүргүзүү зарыл. **Жалган катталуу үчүн жазык жоопкерчилиги каралган, ошондуктан катталган жерде жашоо керек.**



**Миграциялык эсепке кантип туруу керек:**

Чет өлкөлүк жарандын жашай турган жерине келгени жөнүндө билдирменин бланкасын толтуруңуз

(билдирменин бланкасын Россия ИИМинин Камчатка крайы боюнча башкармалыгынын Миграциялык маселелер боюнча башкармалыгынан, Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнүн Көп функциялуу Борборунан, “Россия Почтасынын” бөлүмүнөн акысыз түрдө ала аласыз, ал эми Мигранттарды коомдук ыңгайлаштыруу Борборунда аны толтурууга акысыз жардам да беришет).

Билдирменин бланкасына паспорттун жана миграциялык картанын бардык беттеринин көчүрмөсүн, ошондой эле кабыл алуучу тараптын паспортунун жана турак жайга менчик укугу жөнүндө документинин көчүрмөлөрүн тиркеп, түпнускаларын көрсөтүңүз.

**Көңүл буруңуз!** Каттоо чек арадан өткөн күндөн баштап **90 күндөн** ашпаган мөөнөткө таризделет, бирок Россияда иштөөгө укук бербейт.

**Маанилүү!**

**Миграциялык эсепти узартып туруу зарыл:**

- ЕАЭБ өлкөлөрүнүн жарандары үчүн эмгек келишиминин мөөнөтүнө (ошол эле учурда ЕАЭБ өлкөсүнүн жумушчу жаранынын үй-бүлө мүчөлөрү өз миграциялык эсептерин ал жарандын эмгек же жарандык-укуктук келишиминин негизинде узартышат);
- КМШ өлкөлөрүнүн жарандары жумушка патенттин төлөнгөн мөөнөтүнө.

**Кеңеш!** Миграциялык эсепке турганы жөнүндө таризделген билдирменин көчүрмөсүн чыгарып, өзүңүздө сактаңыз – эгер билдирме жоголуп кетсе, көчүрмөсү менен калыбына келтирүүгө болот.

## Жумушка патент

Камчатка крайында юридикалык тараптарга (уюмда же жеке ишкерде) да, жеке тараптарга (мисалы, батирлердин ээсинде) да жумушка орношуу үчүн КМШ өлкөлөрүнүн жарандары жумушка патент алууга тийиш.

**Камчатка крайында патент Россия ИИМинин Камчатка крайы боюнча башкармалыгынын Миграциялык маселелер боюнча башкармалыгынын Эмгек миграциясы маселелери бөлүмүндө тариздөлөт.**

**Маанилүү!** Патент Россияга кирген убакыттан баштап 30 күндүн ичинде тариздөлөт.

Жумушка Сиз тандаган жана патентте көргөзүлгөн бир гана адистик (кесип) боюнча орношууга болот, патент Россиянын кайсы регионунда алынса, ошол региондо гана жарактуу.

**Эсиңизде болсун:** **18 жашка толгондон кийин гана Россияда жумушка орношууга жана патент алууга болот!**

Мигранттарга патент тариздөөгө акы төлөнүүчү негизде көмөктөшүүнү чет өлкөлүк жарандарга патенттерди тариздөө жана берүү боюнча мамлекеттик кызмат көрсөтүүгө ыйгарым укуктуу уюм жүргүзөт –
**Россия ИИМинин «Паспорттук-визалык сервиси».**

**Федералдык мамлекеттик унитардык ишканасы.**
Камчатка крайында мындай ыйгарым укуктуу уюм төмөнкү даректе жайгашкан: **Петропавловск-Камчатский ш., Максутов көч., 42, тел. (4152) 42-80-15, 42-80-17.**

## Кеңештерден пайдаланыңыз:

✓ Эгер Сиз документтерди тариздөө үчүн ортомчулук уюмга кайрылсаңыз, аны менен сөзсүз түрдө кызмат көрсөтүүгө келишим түзүңүз.

✓ Ортомчулук кызматтарды төлөгөндө сөзсүз Сиздин акча каражаттарыңыздын ортомчулук уюмга түшкөнүн тастыктаган чекти талап кылыңыз.

✓ Ортомчуларга кайрылган күндө да зарыл процедуралардан Сиз ӨЗҮҢҮЗ өтүүгө милдеттүүсүз! Бул – медициналык күбөлөндүрүү жана дактилоскопиялык каттоо (манжа издерин алуу), сүрөткө тартуу, орус тилин, тарыхын жана Россия мыйзамдарынын негиздерин билүүнү тестирлөө.

## Жумушка патенттин акысын төлөө:

Патентти колдонуу үчүн Сиз Россияда жашап жана иштеген ар бир кийинки айга алдын ала туруктуу аванстык салыктык төлөм төгүүгө милдеттүүсүз.

**Көңүл буруңуз!** **Салык боюнча туруктуу аванстык төлөмдөрдү төлөө Россия Федерациясынын Салык кодексинин 227.1 беренеси менен жөнгө салынат.**

Патент алгандан кийинки **2 айдын** ичинде Сиз иш берүүчү менен түзүлгөн эмгек келишиминин көчүрмөсүн Россия ИИМинин Камчатка крайы боюнча башкармалыгынын Миграциялык маселелер боюнча башкармалыгына тапшырууга тийишсиз.

Патенттин жарамдуулук мөөнөтү аяктагандан кийин Россиядан чыгып кетүү зарыл же патенттин жарамдуулук мөөнөтү аяктаарына **10 жумуш күн калгандан кечиктирбей** тиешелүү арыз берип, патентти узартуу же кайра тариздөө зарыл.

## Орус тилин, тарыхын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарынын негиздерин билүүнү тестирлөө

**Орус тилин, тарыхын жана Россиянын мыйзамдарын билүүнү тестирлөөдөн өтүү чет өлкөлүк жарандар үчүн милдеттүү болуп саналат жана жумушка патентти тариздөөнүн тартибине кирет.**

**Тестирлөөдөн өтүү атайын сертификат же экзаменден өткөнү жөнүндө документ менен тастыкталат.**

**Ал колго берилет жана 5 жыл ичинде жарамдуу болот.**



Орус тилин билүүнү тестирлөө 5 бөлүктөн турат: окуу, жазуу, лексика жана грамматика, аудирлөө (билдирүүнү угуп, кайра айтып берүү) жана оозеки сүйлөө.

**Төмөнкү учурларда тесттен өтүүнүн кереги жок:**

- ССCРдин окуу жайын 1-сентябрь, 1991-жылга чейин бүткөндүгү жөнүндө диплому бар болсо;

- КМШнын каалаган өлкөсүнүн окуу жайын орус тили курсун камтуу менен аяктаганы жөнүндө диплом, анын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн орус тилине котормосу жана дипломдун россиялык билим берүү стандарттарына шайкештиги жөнүндө күбөлүк бар болсо;

- Беларусь Республикасынын чет өлкөлүк жарандарына.


Патент алуу үчүн медициналык күбөлөндүрүүдөн өтүү зарыл. Ал чет өлкөлүк жаранда ВИЧ, туберкулёз, COVID-19, жыныстык жол менен берилген айрым жугуштуу оорулардын жоктугун текшерүү үчүн жүргүзүлөт.

Медициналык күбөлөндүрүү чет өлкөлүк жаран иштегенге ниеттенип жаткан региондун атайын медициналык мекемесинде жүргүзүлөт.

Медициналык комиссиядан өтүү – акы төлөнүүчү кызмат.

**Камчатка крайында медициналык күбөлөндүрүүдөн өтүү үчүн Сиз төмөнкү медициналык мекемелерге кайрылууга тийишсиз:**

- Мамлекеттик саламаттык сактоо мекемеси (МССМ) «СПИД жана жугуштуу оорулардын алдын алуу жана күрөшүү боюнча Камчатка крайлык Борбору» (Петропавловск-Камчатский ш., Октябрдын 50 жылдыгы көч., 1/2);
- МССМ «Камчатка крайлык наркологиялык диспансери» (Петропавловск-Камчатский ш., Октябрдын 50 жылдыгы пр., 2);
- МССМ «Камчатка крайлык туберкулёзго каршы диспансери» (Петропавловск-Камчатский ш., Орджоникидзе көч., 9);
- МССМ «Камчатка крайлык тери-венерологиялык диспансери» (Петропавловск-Камчатский ш., Кавказская көч., 26).



# Россияда жумушка орношуу

## Жумушка орношуу

**Россияда легалсыз иштөө – олуттуу мыйзам бузуу. Өз укугуңузду билгениңиз жана өзүңүздү кереги жок тобокелчиликтен сактаганыңыз маанилүү.**

**Жөнөкөй кеңештер Сизге жумушка орношууда жардам берет:**

**Легалдуу иштеңиз:** жумушка патент юридикалык тарапта да, жеке адамда да жумушка орношууга укук берет, бирок Сиздин иш берүүчү менен эмгек мамилелериңиз эмгек келишими же жарандык-укуктук келишим менен милдеттүү түрдө тастыкталууга тийиш.

**Көңүл буруңуз!** **Иш берүүчү чет өлкөлүк жаран менен эмгек мамилелерин түзгөнү жана токтоткону (үзгөнү) жөнүндө Россия ИИМинин Камчатка крайы боюнча башкармалыгынын Миграциялык маселелер боюнча башкармалыгына 3 күндүк мөөнөттөн кечиктирбей билдирме берип турууга милдеттүү.**

**Өз иш берүүчүңүздү билиңиз!** Сиз өзүңүз иштеген фирманын аталышын жана дарегин, түздөн-түз жетекчиңиздин дарегин (аты-жөнү жана телефону) МИЛДЕТТҮҮ ТҮРДӨ билүүгө тийишсиз;

**Иш берүүчү менен келишим түзүңүз:** эмгек келишимин же жарандык-укуктук келишимди түзүү өз укуктарыңызды (эмгек акысын өз учурунда алып туруу, эмгек өргүүсүнө, дем алыш күндөргө, жумушка жарамсыздык баракчасын төлөөгө укукка ээ болуу) жана социалдык кепилдиктериңизди коргоого, акы төлөнбөгөн ченемден ашык иштөөнүн алдын алууга, өз милдеттериңизди так билүүгө жана, акырында, Сиз кайсы жерде, качан жана кимге иштегениңизди далилдөөгө мүмкүндүк берет.

**Көңүл буруңуз!** **Иш берүүчү Сиз менен келишим түзүүгө жана Сизге ал келишимдин көчүрмөсүн берүүгө МИЛДЕТТҮҮ!**

**Кеңеш:** Эгер эмгек мамилелери жазуу түрүндөгү келишимсиз, оозеки макулдашуу менен таризделсе, мындай учурда жумушчу алдын ала тең укуксуз жана тобокелдүү абалда болуп калат. Иш берүүчү менен дайыма жазуу түрүндөгү макулдашуу түзүүгө аракет кылыңыз.

**Эмгек акынын өлчөмүн жана төлөө шарттарын так сүйлөшүп алыңыз:** Сизге кайсы жумуш үчүн жана канча төлөнүшү керектигин Сиз так билүүгө тийишсиз.

**Кол коюп жаткан нерсенин бардыгын кунт коюп окуңуз, Сизге көчүрмөсүн берүүнү талап кылыңыз**: эгер Сизге бир нерсеге (келишим, табель, тил кат ж.б.) кол коюуну сунушташса, Сиз ага макул болуп туруп, анан кол коюшуңуз керек.

**Иш берүүчүгө өз документтериңизди бербеңиз:** Сизден башка эч ким Сиздин паспортуңузду, жумушка уруксатыңызды, камсыздандырууңузду, эмгек келишиминин Сиздеги көчүрмөсүн жана башка документтерди сактаганга укуктуу эмес, ошондой эле сиздин кыймылга эркиндигиңизди чектегенге, телефонуңузду ж.б. алып алганга укуктуу эмес. Паспортту тартып алуу жана эркиндикти чектөө – олуттуу кылмыш: мындай учурда полицияга кайрылуу керек!

**Маанилүү!**

Карыз эмгекке (иш берүүчү өз жумушчуларын башка уюмдарга эмгек келишимин түзбөстөн башка адамдардын кызыкчылыгына иштөөгө жөнөтүшүнө) Россияда тыюу салынган.

**Көңүл буруңуз!**

**Сизге эмгек акысын төлөбөй койгон же Сиз менен эмгек келишимин үзгөн учурдан баштап 3 ай өткөнгө чейин сотко кайрыла аласыз. Этият болуңуз жана зарыл учурда сотко өз учурунда кайрылыңыз (РФ Эмгек Кодекси, 392-берене).**

**Кеңеш:**

**Шарттарына макул болбогон келишимге кол койбоңуз.**

* * *

*Эгер Сиз, тиешелүү документтерди тариздеп, жумушка орношсоңуз жана Сизге Россияда узак убакыт жашоого туура келсе, Сиз турак-жай издөө, медициналык жардам алуу, документтерди текшерүү сыяктуу айрым бир оңой эмес маселелерге туш келишиңиз мүмкүн. Биздин төмөндөгү сунуштарыбыздын Сизге пайдасы тийиши мүмкүн.*

## Турак-жай издөө жана ижаралоо

Турак-жай табууга аракет кылып жүрүп, Сиз батирлерди жана бөлмөлөрдү берүү жөнүндө көптөгөн жарнамалык жарыяларды көрөсүз. Ошол эле учурда турак-жайды өз алдынча табуу жетишерлик татаал жана көйгөйлүү болушу мүмкүн.

**Кыймылсыз мүлк агенттиктеринин кызматтары.**

Ишенимдүүлүк үчүн Сиз акы төлөнүүчү негизде кызмат көрсөткөн (болжол менен 5000ден 7000 рублга чейин) кыймылсыз мүлк агенттиктеринин кызматынан пайдалана аласыз. Бирок, бул агенттиктердин ишенимдүүлүгү алардын өз кеңсесине ээ болуп, ачык иштегенинде. Мындай агенттик Сиз менен кызмат көрсөтүү жөнүндө өзүнчө келишим түзөт да, ылайыктуу варианттарды издөөнүн бүткүл жүрүшүндө, анын ичинде турак-жайды карап көрүүнү жана ээси менен жолугушууну уюштуруу менен коштоп жүрөт.

**Турак-жайдын ээси сунуштаган кызматтар.**

Эгер Сиз турак-жайдын ээсинен (жеке адамдан) ижарага берилүүчү турак-жайдын ылайыктуу вариантын тапсаңыз, ал Сизге менчик укугун тастыктаган документтердин (менчикке укукту мамлекеттик каттоо күбөлүгү, сатып алуу/сатуу келишими ж.б.) түпнускаларын көрсөтүүгө тийиш. Эгер ал жаран менчиктин ээси эмес болуп, ишеним кат боюнча иштесе, анда ал турак-жай ээсинин ижарага берүүгө укук берген ишеним катын да көрсөтүүгө, ошондой эле өзүнүн паспорттук маалыматтарын жана турак-жай ээсинин маалыматтарын көрсөтүүгө тийиш.

Турак-жай варианттарын издөөнүн кандай ыкмасын колдонсоңуз да, ижарага алынган турак-жайга көчкөнгө чейин турак-жайды ижаралоо келишимин түзүүгө тийишсиз, ал 2 нускада түзүлүп, сөзсүз бир нускасы Сизде калат.

**Сиздин ижарага алынган турак-жайда жашашыңыз үчүн 2 документ негиз болорун так билишиңиз керек::**

1. **-турак-жайды ижаралоо келишими;**
2. **- ижарага алган турак-жайдын дареги боюнча миграциялык эсепке алынганыңыз жөнүндө билдирме.**

**Кеңеш:** **Алдамчылардан абайлаңыз – турак-жайды ижаралоо жөнүндө келишимге кол коюлуп, бир нускасын алганга чейин эч кимге акча бербеңиз.**

Россияда убактылуу жашап жаткан (визалык да, визасыз да тартип менен кирген) жана иштебеген чет өлкөлүктөр ыктыярдуу медициналык камсыздандыруунун (ЫМК) алкагында чет өлкөлүк жарандар үчүн медициналык полис тариздөөгө тийиш, болбосо дарылоону өз каражаттарынан төлөөгө туура келет.

**Көңүл буруңуз!** **Убактылуу жашап жана жумушка орношкон чет өлкөлүктөр ЫМК полисин милдеттүү тартипте сатып алышат!**

ЫМК полисин сатып алуу жөнүндө чечимди ар ким өз алдынча кабыл алат. Бирок бул жерде айрым жагдайларды эске алыш керек:

- ЫМК полиси патент алыш үчүн милдеттүү зарыл;
- ЫМК полисин албаган учурда дарылоого кеткен бардык чыгымдарды, анын ичинде дарыгердин кабыл алуу акысын, анализ тапшырууну, ар кандай диагностикалык иш-чараларды, стационарда дарылануусун чет өлкөлүк жаран өз алдынча төлөйт, бул болсо бир кыйла сумма!

**Көңүл буруңуз!** **ВЫМК полисинин баасы анда кызматтардын кандай топтому камтылганына жараша аныкталат.**

Учурдагы мыйзамдар чет өлкөлүк жаранда төмөнкүдөй эң зарыл кызматтарды көрсөтүү камтылган ЫМК полиси болушун талап кылат:

+ кечиктирилгис тез жардам көрсөтүү;
+ медициналык мекемеге тезинен жеткирүү;
+ стационарда дарылоо боюнча кызматтар;
+ стоматологиялык тез жардам.

Көп компанияларда ушундай типтеги даяр ЫМК полисин сатып алуу мүмкүнчүлүгү да сунушталат. Эгер кошумча кызматтар зарыл болсо, башка камсыздандыруу топтомун (мисалы, төрөт, стоматология, репатриация ж.б.) да сатып алууга болот.

**Кеңеш:** **ОСизге ЫМК полисин берген камсыздандыруу уюмунун телефон номурун жана аталышын сөзсүз эстеп алыңыз – эгер Сиз полисиңизди жоготуп жиберсеңиз, камсыздандыруу компаниясына кайрылып, аны калыбына келтире аласыз, же, эгер тезинен медициналык жардам зарыл болуп калса, полистин тариздделгенин тастыктай аласыз. Камсыздандыруу полисин жоготуп албаш үчүн анын көчүрмөсүн ала жүргөн жакшы.**

# Россиядагы жүрүм-турум маданияты


Ар бир өлкөнүн жана региондун, айылдын жана шаардын жашоочулары бири-биринен жүрүм-туруму, кийими, адаттары, маданий салттары менен айырмаланып турушат.

Бул айырмачылыктар бири-биринин маданиятынын өзгөчөлүктөрүн билбегендиктен башка элдердин өкүлдөрүндө түшүнбөстүктү жаратышы мүмкүн.

Россиянын калкынын көпчүлүк бөлүгү шаарларда жашашат жана шаардык жүрүм-турум жана мамиле куруу маданиятын карманышат. Төмөндөгү эскертмелер Сизге Россия маданиятында кабыл алынган жүрүм-турумдун айрым бир маанилүү принциптерин түшүнүүгө жана россиялык шаарга көнүп кетүүгө жардам берет

Россияда жергиликтүү калк үчүн көнүмүш болуп калган коомдук жайлардагы жүрүм-турумдун жана айланадагы адамдар менен мамилелешүүнүн төмөнкүдөй эрежелери бар:

- сылык болуу;
- агрессия жасабоо, чыр-талаштуу кырдаалдардан оолак болууга аракеттенүү;
- башка адамдарды тигилип карабоо, ар бир адамдын жеке мейкиндигин бузбоо (өтө жакындап барбоо);
- унаа каражаттарында жана коомдук жайларда картаң адамдарга орун бошотуу;
- унаада тамактануу же катуу сүйлөө, көчөдө спирт ичимдиктерин ичүү, таштанды таштоо адепсиздикке жатат;
- кесиптештер жана кошуналар менен көбүрөөк баарлашыңыз, тааныштарыңызды майрамдарда, өзүңүз майрамдабасаңыз да, куттуктаганды унутпаңыз;
- балдарыңызды курдаштары жана кошуналар менен баарлашууга үйрөтүңүз;
- коомдук жайларда кабыл алынган кийинүү нормасын сактаңыз.



# Россиядагы жүрүм-турум маданияты

Россиялыктардын көпчүлүгү жылуу мамилеси, оор жагдайда жардам берүүгө, суроолорго жооп берүүгө даярлыгы менен айырмаланат. Россияга тезирээк көнүшүү үчүн Сизге жергиликтүү адамдар менен көбүрөөк баарлашууну, досторду күтүүнү, майрамдарга катышууну, киного, музейге, театрларга, китепканаларга барууну, орус тилин үйрөнүүнү сунуш кылабыз.

Мурдагы СССР өлкөлөрүнүн жашоочуларын өтө көп нерсе бириктирип турат.

Баарыдан мурда, биздин жалпы тарыхыбыз бар: россиялыктар СССР элдеринин Улуу Атамекендик согуштагы эрдиктерине өтө урматтоо менен мамиле кылышат, Советтик Армиянын жоокерлеринин жана тылдын эмгекчилеринин эрдигин ыйык тутушат. Биздин өлкөлөрүбүздүн баарына тиешелүү болгон үй-бүлөлүк тарыхый эстутумга олуттуу көңүл буруу теңтуштук жана достук мамилелер үчүн бекем негиз болуп бериши мүмкүн.



# Пайдалуу маалыматтар

**1. Камчатка крайындагы Мигранттарды коомдук ыңгайлаштыруу борбору**
683032, Петропавловск-Камчатский ш.,
Максутов көч., 42, № 9 каб. (1-кабат),
тел.: 8(4152) 42-62-85

**2. Россия ИИМинин Камчатка крайы боюнча башкармалыгынын Миграциялык маселелер боюнча башкармалыгы**
683024, Петропавловск-Камчатский ш.,
Октябрдын 50 жылдыгы проспекти, 23/2
**Эмгек миграциясы маселелери бөлүмү**
683032, Петропавловск-Камчатский ш.,
Максутов көч., 42
тел.: 8(4152) 41-05-95, 41-00-80
сайт: 41.мвд.рф

**3. Россия ИИМинин Миграция маселелери боюнча башкы башкармалыгынын расмий сайтындагы маалыматтык сервистер**
сайт: гувм.мвд.рф
– (сервис. гувм.мвд.рф – **чет өлкөлүк жарандар үчүн сервистер)**

**4. Камчатка крайынын Эмгек жана кадр потенциалын өнүктүрүү министрлиги**
683003, Петропавловск-Камчатский ш.,
Ленинградская көч., 72
**– миграциялык саясат боюнча бөлүм**
тел.: 8(4152) 42-78-36, 41-28-45,
сайт: kamgov.ru
электрондук дарек: agzanyat@kamgov.ru

**5. Камчатка крайынын Жарандык коомду, жаштарды жана маалыматтык саясатты өнүктүрүү министрлиги**
683040, Петропавловск-Камчатский ш., Ленин аянты, 1 – улуттук диаспоралардын ишмердиги маселелери боюнча
тел.: 8(4152) 42-47-75, 42-19-20
сайт: kamgov.ru
электрондук дарек: avp@kamgov.ru

**6. «Паспорттук-визалык сервис» Федералдык мамлекеттик унитардык ишканасынын Камчатка крайы боюнча филиалы**
683032, Петропавловск-Камчатский ш., Максутов көч., 42,
тел.: 8(4152) 42-80-15, 42-80-17, 42-80-18
сайт: kamchatka.pvsmvd.ru
электрондук дарек: kamchatka@pvsmvd.ru

**7. Россиядагы жумуш: өз алдынча жумуш издөө үчүн эмгек жана жумуш менен камсыз кылуу боюнча федералдык кызматтын жалпы россиялык вакансиялар базасы**
сайт: www.trudvsem.ru

**8. Өз алдынча жумуш издөө үчүн Камчатка крайынын Калкты жумуш менен камсыз кылуу кызматынын Интерактивдүү Порталы**
сайт: rabota.kamgov.ru

**9. Мамлекеттик кызматтардын Бирдиктүү порталы**
сайт: www.gosuslugi.ru

**10. Камчатка крайынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарынын порталы**
сайт: gosuslugi41.ru

# 2021

## Январь

| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 | 2 | 3 |
| 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 |
| 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 |
| 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 |

## Февраль

| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 |
| 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 |
| 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 |

## Март

| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 |
| 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 |
| 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 |
| 29 | 30 | 31 | | | | |

## Апрель

| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 |
| 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 |
| 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | | |

## Май

| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 | 2 |
| 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
| 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 |
| 24/31 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 |

## Июнь

| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 |
| 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 |
| 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 |
| 28 | 29 | 30 | | | | |

## Июль

| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 |
| 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 |
| 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 | |

## Август

| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | 1 |
| 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 |
| 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 |
| 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 |
| 30 | 31 | | | | | |

## Сентябрь

| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 |
| 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 |
| 27 | 28 | 29 | 30 | | | |

## Октябрь

| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 | 2 | 3 |
| 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 |
| 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 |
| 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 |

## Ноябрь

| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 |
| 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 |
| 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 |
| 29 | 30 | | | | | |

## Декабрь

| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 |
| 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 |
| 27 | 28 | 29 | 30 | 31 | | |

**1 - 10 январь** — Жаңы жылдык эс алуу;

**7 январь** — Рождество майрамы;

**23 февраль** — Атамекенди коргоочунун күнү;

**8 март** — Аялдардын эл аралык майрамы;

**1 май** — Жаз жана Эмгек майрамы;

**9 май** — Жеңиш Күнү;

**1 июнь** — Эл аралык балдарды коргоо күнү;

**12 июнь** — Россиянын күнү;

**1 июль** — Камчатка крайынын түзүлгөн күнү;

**22 август** — Россия Федерациясынын Мамлекеттик туусунун күнү;

**1 сентябрь** — Билим күнү;

**4 ноябрь** — Элдик биримдик күнү;

**12 декабрь** — Россия Федерациясынын Конституциясынын күнү.

